# Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2012-жылдын февраль айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Рынокто баалуу кагаздардын бардык түрлөрүн жайгаштыруу көлөмүнүн өсүшүнөн улам, февраль айында мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары МКВ) сатуу көлөмүнүн өткөн айга салыштырганда 61,2 пайызга, 375,0 млн. сомго чейин жогорулашы байкалган. Алсак, инвесторлор тарабынан көбүрөөк талап кылынган жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлардын сатуу көлөмү 233,0 млн. сомду түзүү менен 77,5 пайызга өскөн. Мында, беш ай катары менен өсүп жаткан жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын сатуу көлөмү 52,0 млн. сом өлчөмүндө (+66,1 пайыз), ал эми жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВлардын – 70-90 млн. сомго чейин (+28,6 пайыз) түптөлгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, жүгүртүү мөөнөтү 6 жана 12 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгүнүн тиешелүүлүгүнө жараша 1,1 пайыздык пунктан 11,3 пайызга чейин жана 0,8 пайыздык пунктан 13,4 пайызга чейин төмөндөөсүнөн улам ай ичинде 0,7 пайыздык пунктка азаюу менен МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн чогуу алгандагы көрсөткүчү 12,0 пайызды түзгөн. Ушуну менен бирге жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү 6,5 пайыз болуп мурдагы деңгээлинде сакталган.

**2-график. МКВ аукциондордун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Февраль айында суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү өткөн айга салыштырганда 15,7 пайызга төмөндөө менен 243,5 млн. сомду түзгөн, сатуунун орточо аукциондук көлөмү 20,9 пайызга 93,8 млн. сомго чейин көбөйгөн.

МКВларды сатуудан алынган каражаттарынын эсебинен бюджет тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү февраль айында -45,7 млн. сомдон 111,4 млн. сомго чейин жогорулаган.

[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу эмес болгондуктан, бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 230,1 млн. сом суммасында МКВлардын ордун жабууну жүзөгө ашырган. Мында жыл башынан тартып айкын наркы боюнча сатуунун чогуу алгандагы көлөмүнө карата таза каржылоонун суммардык мааниси катары эсептелинген МКВ рыногунун натыйжалуулугу январь айынын акырындагы көрсөткүчүнө салыштырганда 33,5 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2012-жылдын биринчи эки айында 11,9 пайызды түзгөн. Ай ичинде дюрация 175 күндөн 170 күнгө чейин азайган (январь айында дюрация 11 күнгө кыскарган).

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Өткөн айга салыштырганда жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү февраль айында 3,6 млрд. сомго чейин (+3,3 пайыз) жогорулаган. МКВлардын чогуу алгандагы портфелинин түзүмүндө оң өзгөрүү алардын үлүшү бир ай ичинде 1,3 пайыздык пунктан 17,5 пайызга чейин көбөйгөн институционалдык инвесторлордун тиешелүү көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизген. Ушуну менен бирге коммерциялык банктардын үлүшү 78,0 пайызга чейин (-1,5 п.п.) төмөндөгөн. Жеке адамдар-резиденттеринин жана юридикалык жактар-резиденттеринин үлүшү суммада 4,5 пайызды түзгөн, ошондой эле ар бири 0,1 пайыздык пунктка көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен 2,1 млн. сом суммасында бир операция жүргүзүлгөн.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динами**

%

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Февраль'2011 | 13.7 | - | 10.6 | 14.7 |
| Март | 14.4 | 8.7 | 11.3 | 15.9 |
| Апрель | 17.6 | - | 12.7 | 19.2 |
| Май | 19.0 | 9.3 | 14.1 | 20.3 |
| Июнь | 18.1 | 9.3 | 15.5 | 21.1 |
| Июль | 18.8 | 9.2 | 15.0 | 20.5 |
| Август | 16.5 | - | 13.6 | 17.0 |
| Сентябрь | 15.3 | - | 13.3 | 15.6 |
| Октябрь | 14.2 | 8.1 | 13.4 | 15.0 |
| Ноябрь | 14.0 | 6.9 | 13.4 | 15.0 |
| Декабрь | 13.4 | 6.6 | 13.3 | 14.9 |
| Январь '2012 | 12.7 | 6.4 | 12.5 | 14.3 |
| Февраль | 12.0 | 6.5 | 11.3 | 13.4 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-график. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке | | Резидент юридик. | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.03.2011 | 2,781,895.1 | 0.0 | 0% | 2,443,365.0 | 87.8% | 288,120.0 | 10.4% | 2,082.0 | 0.1% | 48,328.1 | 1.7% | 0.0 | 0.0% |
| 01.04.2011 | 2,736,985.1 | 0.0 | 0% | 2,669,267.0 | 97.5% | 16,750.0 | 0.6% | 0.0 | 0.0% | 50,968.1 | 1.9% | 0.0 | 0.0% |
| 01.05.2011 | 2,808,128.1 | 0.0 | 0% | 2,730,872.0 | 97.2% | 11,250.0 | 0.4% | 2,698.0 | 0.1% | 63,308.1 | 2.3% | 0.0 | 0.0% |
| 01.06.2011 | 2,756,135.1 | 0.0 | 0% | 2,679,623.4 | 97.2% | 3,120.0 | 0.1% | 4,701 | 0.2% | 68,691.1 | 2.5% | 0.0 | 0.0% |
| 01.07.2011 | 2,827,026.1 | 0.0 | 0% | 2,742,201.7 | 97.0% | 0.0 | 0.0% | 7,063.3 | 0.2% | 77,761.1 | 2.8% | 0.0 | 0.0% |
| 01.08.2011 | 2,919,710.1 | 0.0 | 0% | 2,786,906.7 | 95.5% | 33,000.0 | 1.1% | 9,884.3 | 0.3% | 89,919.1 | 3.1% | 0.0 | 0.0% |
| 01.09.2011 | 3,366,523.0 | 0.0 | 0% | 2,875,799.6 | 85.4% | 355,307.9 | 10.6% | 13,669.8 | 0.4% | 121,745.7 | 3.6% | 0.0 | 0.0% |
| 01.10.2011 | 3,511,838.0 | 0.0 | 0% | 2,926,944.6 | 83.3% | 446,727.9 | 12.7% | 14,114.8 | 0.4% | 124,050.7 | 3.5% | 0.0 | 0.0% |
| 01.11.2011 | 3,608,998.0 | 0.0 | 0% | 2,967,376.6 | 82.2% | 504,377.9 | 14.0% | 14,777.8 | 0.4% | 122,465.7 | 3.4% | 0.0 | 0.0% |
| 01.12.2011 | 3,546,108.0 | 0.0 | 0% | 2,896,673.4 | 81.7% | 514,146.1 | 14.5% | 14,122.8 | 0.4% | 121,165.7 | 3.4% | 0.0 | 0.0% |
| 01.01.2012 | 3,579,218.0 | 0.0 | 0% | 2,839,461.4 | 79.3% | 584,286.1 | 16.3% | 16,694.9 | 0.5% | 138,775.6 | 3.9% | 0.0 | 0.0% |
| 01.02.2012 | 3,525,973.0 | 0.0 | 0% | 2,801,197.9 | 79.4% | 570,286.1 | 16.2% | 17,172.4 | 0.5% | 137,316.6 | 3.9% | 0.0 | 0.0% |
| 01.03.2012 | 3,642,003.0 | 0.0 | 0% | 2,839,026.4 | 78.0% | 637,663.9 | 17.5% | 20,192.3 | 0.6% | 145,120.4 | 4.0% | 0.0 | 0.0% |